Кыргыз Республикасы Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министирлиги
“ Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети”
илимий - билим берүү өндүрүштүк комплекси
Экономика жана укук колледжи

МАКУЛДАШЫЛДЫ
Б. Осмонов атындагы ЖАМУнун
илимий-билим берүү өндүрүштүк
комплексинин Экономика жана укук
колледжинин директору, э.и.к.,
доценттин м.а.
Жороева А.М. _____
«10» _____ 2026-ж.

БЕКИТЕМ
Б. Осмонов атындагы ЖАМУнун
илимий-билим берүү өндүрүштүк
комплексинин мамлекеттик тил,
социалдык жана тарбия иштери
боюнча проректору
Маматумаров А.Т. _____
«15» сентября 2026-ж.

2026–2027-окуу жылына карата мамлекеттик тил
социалдык жана тарбиялык иштер боюнча жылдык иш планы

Манас шаары - 2026-жыл

I. Негизги максаты жана милдеттери

Максаты: колледжде студенттердин инсандык, жарандык, руханий-адептик, укуктук, кесиптик, экологиялык жана социалдык компетенцияларын өнүктүргөн коопсуз, инклюзивдүү жана колдоочу чөйрөнү түзүү; социалдык колдоого муктаж студенттерге өз убагында жардам көрсөтүү жана Туруктуу өнүгүү максаттарын (ТӨМ) тарбиялык иштерге интеграциялоо.

- Студенттердин социалдык абалын аныктоо, социалдык паспортторун түзүү жана жаңылоо; муктаж студенттерди колдоо.
- Укук бузуулардын, зомбулуктун, басмырлоонун, рэкетчиликтин, көз карандылыктын жана кибербуллингдин алдын алуу.
- Улуттук баалуулуктарды, мамлекеттик тилди, жарандык жоопкерчиликти жана мекенчилдикти өнүктүрүү.
- Ден соолук, психологиялык бакубаттык, спорт, туура тамактануу жана коопсуз жүрүм-турум маданиятын калыптандыруу.
- Кесиптик багыт берүү, финансылык жана укуктук сабаттуулукту, ишкердик жана санариптик көндүмдөрдү өркүндөтүү.
- Экологиялык жоопкерчиликти, ресурстарды үнөмдөөнү, ыктыярчылыкты жана студенттик өз алдынча башкарууну колдоо.
- Ата-энелер, кураторлор, психолог, медицина кызматкерлери, мамлекеттик органдар, иш берүүчүлөр жана коомдук уюмдар менен кызматташуу.
- Иш-чаралардын аткарылышын квартал сайын талдоо жана натыйжаларын мониторингдөө.

II. Мамлекеттик тил социалдык жана тарбиялык иштер боюнча жылдык иш планы

Бул иш план ЭУКтун комплекстүү иш планынын негизинде түзүлдү. Жооптуулар иш-чараны биргеликте уюштуруп, жыйынтыгы боюнча окуу аягында отчет катары маалымат берилет.

№	Мөөнөтү	Аткарылуучу иштер	ТӨМ максаттары (№ жана аталышы)	Үңгүжолдун тиешелүү багыттары	Жооптуулар	Күтүлүүчү натыйжа / индикатор
1	Сентябрь	2026–2027-окуу жылына карата социалдык-тарбиялык иш планын тактоо жана бекитүүгө сунуштоо; жаңы кабыл алынган студенттердин адаптациясын уюштуруу; социалдык паспортторду толтуруу жана жаңылоо; колледждин ички тартип эрежелери, студенттердин укук-милдеттери жана коопсуздук боюнча түшүндүрүү; Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил күнүнө карата «Эне тилим — элимдин руханий байлыгы» иш-	ТӨМ 1 — Жакырчылыкты жоюу; ТӨМ 4 — Сапаттуу билим берүү; ТӨМ 10 — Теңсиздикти азайтуу; ТӨМ 16 — Тынчтык, адилеттүүлүк жана күчтүү институттар; ТӨМ 17 — Максаттар үчүн өнөктөштүк.	IV.1 — Таалим-тарбия, илим, билим жана маданият; V.4 — Мамлекеттик тил; IV.5 — Социалдык мамилелер; VIII — Кыргыз жаранынын негизги баалуулуктары.	Социалдык жана тарбия иштери боюнча жооптуу, кураторлор, кыргыз тили жана адабияты окутуучулары, студенттик парламент	План бекитүүгө даярдалат; социалдык маалыматтар такталат; адаптация жана тил боюнча иш-чаралар өткөрүлөт.

№	Мөөнөтү	Аткарылуучу иштер	ТӨМ максаттары (№ жана аталышы)	Үнгужолдун тиешелүү багыттары	Жооптуулар	Күтүлүүчү натыйжа / индикатор
		чарасы; студенттик парламенттин жана тайпа активдеринин ишин пландоо.				
2	Октябрь	Социалдык жактан колдоого муктаж студенттердин тизмесин жана документтерин тактоо; 1-октябрь — Улгайган адамдар күнүнө карата улуу муунга жардам берүү акциясы; мугалимдер күнүнө арналган иш-чара; «Кесип жана келечек» жолугушуусу; психологиялык бакубаттык жана туура тамактануу боюнча маалыматтык саат.	ТӨМ 1 — Жакырчылыкты жоюу; ТӨМ 3 — Ден соолук жана бакубат жашоо; ТӨМ 4 — Сапаттуу билим берүү; ТӨМ 8 — Татыктуу эмгек жана экономикалык өсүш; ТӨМ 17 — Өнөктөштүк.	. IV.5 — Социалдык мамилелер; IV.3 — Экономика, адал эмгек жана кесиптик өнүгүү; IV.6 — Дене тарбия жана спорт; VIII — адамгерчилик жана жоопкерчилик.	Социалдык жана тарбия иштери боюнча жооптуу, кураторлор, студенттик парламент, психолог, кесиптик цикл комиссиялары	Колдоого муктаж студенттер аныкталат; кайрымдуулук жана кесиптик багыттагы иш-чаралар өткөрүлөт
3	Ноябрь	«Тарыхтан сабак, ата-бабадан мурас, келечекке ишеним» 17-ноябрь — Студенттердин эл аралык күнүнө карата «Өнөрлүү студент» иш-чарасы; гендердик теңчилик, адам укуктары жана басмырлоого жол бербөө боюнча тегерек стол; рэкетчилик, зомбулук жана кибербуллингдин алдын алуу; финансылык сабаттуулук жана студенттик бюджет боюнча семинар.	ТӨМ 3 — Ден соолук жана бакубат жашоо; ТӨМ 4 — Сапаттуу билим берүү; ТӨМ 5 — Гендердик теңчилик; ТӨМ 8 — Татыктуу эмгек; ТӨМ 10 — Теңсиздикти азайтуу; ТӨМ 16 — АдилеттүүлүК	VI — Кыргыз эли, тарыхый эс тутум жана улуттук мурас; VII — Улуттук сыймык жана жарандык мекенчилдик; IV.5 — Социалдык мамилелер; VIII — адилеттүүлүк жана жоопкерчилик.	Кураторлор, психолог, укук таануу окутуучулары, студенттик парламент	Студенттердин укуктук жана финансылык маалымдуулугу жогорулайт; чыгармачылык жөндөмдөрү колдоого алынат.
4	Декабрь	1-декабрь — ВИЧ/СПИДдин алдын алуу боюнча маалыматтык-	ТӨМ 1 — Жакырчылыкты	«Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик»	Кураторлор, медицина	Алдын алуу иштери

№	Мөөнөтү	Аткарылуучу иштер	ТӨМ максаттары (№ жана аталышы)	Үнгужолдун тиешелүү багыттары	Жооптуулар	Күтүлүүчү натыйжа / индикатор
		профилактикалык иш-чара; "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" үнгужолунун бөлүмдөрү менен таанышуу Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгына арналган адабий-эстетикалык кече; кайрымдуулук жана ыктыярчылык акциясы; «Жаңы жыл — жаңы максаттар» маданий иш-чарасы; семестр ичиндеги социалдык иштердин жыйынтыгын талдоо.	жоюу; ТӨМ 3 — Ден соолук жана бакубат жашоо; ТӨМ 4 — Сапаттуу билим берүү; ТӨМ 10 — Теңсиздикти азайтуу; ТӨМ 17 — Өнөктөштүк.	үнгужолунун негизги идеялары; VI — тарыхый мурас жана улуттук өзүн-өзү тануу; IV.1 — билим, илим жана маданият; IV.6 — сергек жашоо	кызматкери, психолог, кыргыз тили жана адабияты окутуучулары, студенттик парламент	жүргүзүлөт; студенттердин адабий жана коомдук активдүүлүгү артат; аралык жыйынтык чыгарылат.
5	Январь	Кышкы каникулдан кийинки адаптация жана сабакка катышууну талдоо; окууда кыйынчылыгы бар студенттер менен жекече иш жүргүзүү; китеп окуу жана интеллектуалдык таймаш; психологиялык колдоо жана конфликттерди тынч жол менен чечүү боюнча тренинг.	ТӨМ 3 — Ден соолук жана бакубат жашоо; ТӨМ 4 — Сапаттуу билим берүү; ТӨМ 10 — Теңсиздикти азайтуу; ТӨМ 16 — Тынчтык жана адилеттүүлүк.	IV.1 — Билим, илим жана маданият; IV.5 — Социалдык мамилелер; VIII — жоопкерчилик, өзүн өнүктүрүү жана адилеттүүлүк.	Кураторлор, психолог, социалдык иштерге жооптуу, китепканачы	Катышуу жана адаптация боюнча көйгөйлөр эрте аныкталат; окууга кызыгуу жана өз ара түшүнүшүү бекемделет.
6	Февраль	15-февраль — Ооган согушунун ардагерлерин эскерүү иш-чарасы; 21-февраль — Эл аралык эне тил күнүнө карата «Эне тилим — мурасым» тарбиялык сааты, тегерек стол жана маданий программа; 23-февраль — Ата Мекенди коргоочулар күнүнө карата жарандык-патриоттук иш-	ТӨМ 4 — Сапаттуу билим берүү; ТӨМ 16 — Тынчтык, адилеттүүлүк жана күчтүү институттар; ТӨМ 17 — Максаттар үчүн	V.4 — Мамлекеттик тил; VI — Кыргыз эли жана тарыхый мурас; VII — Улуттук сыймык жана мекенчилдик; VIII — жарандык жоопкерчилик.	Социалдык жана тарбия иштери боюнча жооптуу, кураторлор, кыргыз тили жана адабияты окутуучулары, АЧД окутуучусу, студенттик	Тилге, тарыхка жана мекенге болгон сый-урмат бекемделет; санариптик коопсуздук боюнча маалымдуулук артат.

№	Мөөнөтү	Аткарылуучу иштер	ТӨМ максаттары (№ жана аталышы)	Үнгүжолдуи тиешелүү багыттары	Жооптуулар	Күтүлүүчү натыйжа / индикатор
		чара; интернет коопсуздугу боюнча семинар.	өнөктөштүк.		парламент	
7	Март	3-март — Мамлекеттик туу күнүнө жана 5-март — Ак калпак күнүнө арналган иш-чаралар; 8-март — Аялдардын эл аралык күнүнө карата маданий программа; кыздардын укуктары жана гендердик теңчилик боюнча талкуу; «Бир студент — бир жакшы иш» демилгеси.	ТӨМ 5 — Гендердик теңчилик; ТӨМ 10 — Теңсиздикти азайтуу; ТӨМ 11 — Туруктуу шаарлар жана коомчулуктар; ТӨМ 16 — Адилеттүүлүк.	V — Кыргыз жери жана мамлекеттик символдор; VI — Улуттук мурас; VII — Улуттук сыймык жана жарандык мекенчилдик; IV.5 — тендик жана социалдык мамилелер.	Социалдык жана тарбия иштери боюнча жооптуу, кураторлор, студенттик парламент, укук тануу окутуучулары	Мамлекеттик символдор жана улуттук баалуулуктар даңазаланат; тең укуктуулук боюнча түшүнүк кеңейет.
8	Апрель	«Таза колледж» жана ишембилик; «Бир студент — бир көчөт» же жашылдандыруу акциясы; сууну, электр энергиясын жана кагазды үнөмдөө боюнча кампания; Ден соолук күндөрү жана спорттук мелдештер; таштандыларды сорттоо жана жоопкерчиликтүү керектөө боюнча маалыматтык иш.	ТӨМ 3 — Ден соолук жана бакубат жашоо; ТӨМ 11 — Туруктуу шаарлар жана коомчулуктар; ТӨМ 12 — Жоопкерчиликтүү керектөө; ТӨМ 13 — Климат боюнча аракеттер; ТӨМ 17 — Өнөктөштүк.	IV.2 — Айлана-чөйрө жана жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу; V — Кыргыз жерин сактоо; IV.6 — Дене тарбия жана спорт; VIII — жоопкерчилик	Кураторлор, дене тарбия окутуучулары, студенттик парламент, чарба бөлүмү	Колледждин аймагы тазаланат жана жашылдандырылат; экологиялык жана ден соолук маданияты жогорулайт.
9	Май	5-май — Конституция күнүнө карата «Конституция — укуктук мамлекеттин негизи» укуктук-агартуу иш-чарасы; 9-май —	ТӨМ 4 — Сапаттуу билим берүү; ТӨМ 8 — Татыктуу эмгек	II — Конституцияны жана мыйзамдарды жетекчиликке алуу; IV.3 — Экономика,	Укук тануу окутуучулары, кураторлор, студенттик	Укуктук жана патриоттук аң-сезим бекемделет; кесиптик

№	Мөөнөтү	Аткарылуучу иштер	ТӨМ максаттары (№ жана аталышы)	Үнгужолдун тиешелүү багыттары	Жооптуулар	Күтүлүүчү натыйжа / индикатор
		Жеңиш күнүнө карата эскерүү жана патриоттук иш-чара; коррупцияга каршы маданият жана академиялык ак ниеттүүлүк боюнча талкуу; иш берүүчүлөр менен жолугушуу жана кесиптик этика боюнча семинар.	жана экономикалык өсүш; ТӨМ 16 — Тынчтык, адилеттүүлүк жана күчтүү институттар; ТӨМ 17 — Өнөктөштүк.	адал эмгек жана коррупцияга каршы маданият; VII — мекенчилдик; VIII — адилеттүүлүк жана жоопкерчилик.	парламент, ПЦК жетекчилери	байланыштар кеңейет.
10	Июнь	Окуу жылындагы социалдык-тарбиялык иш-чараларды жыйынтыктоо; бүтүрүүчүлөрдү узатуу жана «Ак жол, бүтүрүүчү!» иш-чарасы; ыктыярчылык жана студенттик демилгелер боюнча отчет даярдоо; кийинки окуу жылына сунуштарды иштеп чыгуу.	ТӨМ 4 — Сапаттуу билим берүү; ТӨМ 8 — Татыктуу эмгек жана экономикалык өсүш; ТӨМ 10 — Теңсиздикти азайтуу; ТӨМ 17 — Өнөктөштүк.	III — Максаттар, милдеттер жана күтүлгөн жыйынтыктар; IV.1 — Билим берүү жана кесиптик өнүгүү; IV.5 — Социалдык мамилелер; VIII — жоопкерчилик жана өзүн-өзү өнүктүрүү.	Колледж администрациясы, социалдык жана тарбия иштери боюнча жооптуу, кураторлор, студенттик парламент	Жылдык отчет даярдалат; ийгиликтүү иштер жана жакшыртууга муктаж багыттар аныкталат.
11	Жыл ичинде	Студенттердин социалдык абалын жана сабакка катышуусун көзөмөлдөө; жетим, жарым жетим, аз камсыз болгон, мигрант үй-бүлөлөрдөн чыккан жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттерге тиешелүү колдоо көрсөтүү; жатаканада жашагандардын шартын кароо; психологго багыттоо; зомбулуктун, рэкетчиликтин, дискриминациянын жана укук	ТӨМ 1 — Жакырчылыкты жоюу; ТӨМ 3 — Ден соолук жана бакубат жашоо; ТӨМ 4 — Сапаттуу билим берүү; ТӨМ 5 — Гендердик теңчилик; ТӨМ 8 — Татыктуу эмгек; ТӨМ 9 —	IV.5 — Социалдык мамилелер жана өз ара жардам; IV.6 — Ден соолук жана спорт; IV.1 — билим жана санариптик өнүгүү; IV.2 — экология; VIII — жоопкерчилик, адамгерчилик жана адилеттүүлүк.	Социалдык жана тарбия иштери боюнча жооптуу, кураторлор, психолог, медицина кызматкери, ПЦКлар, студенттик парламент	Жеке колдоо жана алдын алуу иштери жүргүзүлөт; студенттердин демилгелери колдоого алынат; көйгөйлөр боюнча тиешелүү чаралар көрүлөт.

№	Мөөнөтү	Аткарылуучу иштер	ТӨМ максаттары (№ жана аталышы)	Үнгужолдун тиешелүү багыттары	Жооптуулар	Күтүлүүчү натыйжа / индикатор
		бузуулардын алдын алуу; студенттик өз алдынча башкаруу, волонтёрдук жана социалдык долбоорлор; санариптик сабаттуулук, жасалма интеллектти жоопкерчиликтүү пайдалануу, ишкердик идеялар жана стартап демилгелер.	Инновация; ТӨМ 10 — Теңсиздикти азайтуу; ТӨМ 16 — Адилеттүүлүк; ТӨМ 17 — Өнөктөштүк.			

III. Аткарылышын көзөмөлдөө жана мониторинг

Иш планды аткаруу боюнча маалыматтар квартал сайын талданат. Мониторингде өткөрүлгөн иш-чаралардын саны, студенттердин катышуусу, социалдык колдоо алган студенттер, профилактикалык жолугушуулар, волонтёрдук жана экологиялык демилгелер, ошондой эле катышуучулардын кайтарым байланышы эске алынат. Зарыл учурда планга окуу процессиндеги өзгөрүүлөргө жана аныкталган муктаждыктарга ылайык толуктоолор киргизилет.

IV. Күтүлүүчү жалпы натыйжалар

1. Студенттердин социалдык абалы боюнча маалыматтар такталып, колдоого муктаж студенттерге өз убагында жардам көрсөтүлөт.
2. Студенттердин укуктук, жарандык, санариптик, финансылык жана экологиялык сабаттуулугу жогорулайт.
3. Зомбулуктун, басмырлоонун, рэкетчиликтин, кибербуллингдин жана зыяндуу адаттардын алдын алуу иштери системалуу жүргүзүлөт.
4. Колледжде инклюзивдүү, коопсуз жана ынтымактуу социалдык-тарбиялык чөйрө бекемделет.
5. Студенттик парламенттин, ыктыярчылардын жана жаштар демилгелеринин ишмердүүлүгү жанданат.
6. ТӨМдүн тиешелүү багыттары жылдык тарбиялык ишке киргизилип, аткарылышы конкреттүү көрсөткүчтөр аркылуу бааланат.

Мамлекеттик тил, социалдык жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары **М.С. Базарбаева**